**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

**К.Ш.ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАЖИК УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

К 08.17.564 Мамлекеттер аралык диссертациялык кеңеши

*Кол жазма укугунда*
УДК: 338.46: 332.012.33

**ШУКУРОВ СУХРОБ МУЗАФФАРШОЕВИЧ**

# ТАЖИКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨ КООМДУК СЕКТОРДУН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

08.00.05 – Экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги
(кызмат көрсөтүү чөйрөсү)

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук

даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Душанбе – 2018**

Диссертациялык иш Тажик мамлекеттик каржы-экономикалык университетинин Экономика жана башкаруу кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчиси:** экономика илимдеринин доктору, доцент
**Ходжаев Парвиз Давронович**

**Расмий оппоненттер:** экономика илимдеринин доктору, профессор
**Омурзаков Сатыбалды Ашимович**

экономика илимдеринин кандидаты, доцент
**Хамроев Фузайли Махмадалиевич**

**Жетектөөчү мекеме:** Россия-Тажик (славян) университетинин Менеджмент жана туризм кафедрасы, 734000, Тажикстан Республикасы, Душанбе ш., М. Турсун-заде көчөсү, 30

Диссертациялык иш 2019-жылдын 25-январында саат $16^{00}$дө К.Ш.Токтомаматов атындагы Илимий изилдөөлөр, иштелмелер жана инновациялар борборунда Жалал-Абад шаарындагы К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин, Ош мамлекеттик университетинин жана Тажик улуттук университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча К.08.17.564 Мамлекеттер аралык диссертациялык кеңешинин отурумунда корголот. Дареги: 715613, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Жеңи-Жок көчөсү, 30.

Диссертация менен 715613, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Жеңи-Жок көчөсү, 30 дарегиндеги Жалал-Абад шаарындагы К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин илимий китепканасынан жана mnu.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2018-жылдын 25-декабрында таркатылды.

**К 08.17.564 Мамлекеттер аралык диссертациялык Кеңешинин окумуштуу катчысы, экономика илимдеринин доктору** **Низомов С.Ф.**

## ИШКЕ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

**Изилденген теманын актуалдуулугу.** Азыркы шарттарда кызмат көрсөтүү чөйрөсү өлкөнүн калкынын муктаждыктарын толук жана өз убагында канааттандырууда чечүүчү мааниге ээ. Инновациялык экономиканы калыптандыруу ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрүнүн пайда болушуна шарт түзөт, жана бул маселени чечүү үчүн кызмат көрсөтүү системасын жакшыртуу боюнча заманбап механизмдер керек.

Учурдагы Тажикстандын экономикасын трансформациялоо процессин экономиканын секторлорунда менчиктин формаларынын өзгөрүшү менен кошо улуттук экономиканы түп-тамырынан кайра өзгөртүү процесси катары мүнөздөөгө болот.

Азыркы экономика аралаш экономика болуп эсептелет жана анда экономикалык ишмердүүлүк экономикалык (мамлекеттик) сектор тарабынан да, ошондой эле жеке каржылык эмес уюмдар, каржы-насыя мекемелери тарабынан да ишке ашырылат экендигин белгилей кетүү зарыл. Аралаш болуп ошондой эле коомдук сектордун өзүнүн экономикасы да эсептелет. Коомдук сектордун башкы сегменттери катары мамлекеттик башкаруу секторун жана мамлекеттик болуп эсептелген, же мамлекет тарабынан көзөмөл жасалган, бирок каржылык эмес жана каржы уюмдарынын курамына кирген ишканаларды белгилөөгө болот. Коомдук сектордун негизин коомдук башкаруу сектору түзөт, ага карата мамлекеттик каржы да калыптандырылат.

Республиканын социалдык-экономикалык системасын реформалоонун натыйжасында бир системадан экинчи системага өтүү, б.а. «таза» экономикалык системадан аралаш системага өтүү ишке ашты. Экономикалык менчиктин жеке, коллективдик жана мамлекеттик типтеринин жана формаларынын, жөнгө салуунун мамлекеттик жана рыноктук механизмдерин оптималдуу айкалышына, прогрессивдүү тартипти орнотуу максатында институционалдык-социалдык реформаларды жана улуттук экономикалык пландоону жүргүзүүгө негизделген социалдык-экономикалык өнүгүүнүн аралаш моделин калыптандыруу башталды.

Тажикстан Республикасында калктын муктаждыктары эске алынган коомдук секторду калыптандыруу кошумча изилдөөлөрдү жүргүзүү талап кылынат. Муну менен бирге, коомдук сектордун мыйзам базасынын анча өнүкпөгөндүгү социалдык-мааниге ээ болгон долбоорлорду ийгиликтүү ишке ашырууга тоскоол болот. Азыркы шарттарда стратегиялык долбоорлорду ишке ашырууда жеке ишкерлердин каржы каражаттарын тартуу, ошондой эле коомдук сектордун формаларын жана ыкмаларын жергиликтүү деңгээлде жакшыртуунун артыкчылыктуу багыттарын тактоо актуалдуу болуп саналат.

Ошентип, коомдук секторду өнүктүрүү, бир жагынан, мамлекеттин түзүмүнүн көп турдүүлүгүн жана татаалдыгын калыптандырат, ал эми экинчи жагынан, социалдык жактан кепилденген коомдук формаларынын баш тартат. Мындан улам жалпы экономикалык тең салмактуулук теориясы, аралаш экономиканын бардык элементтерин оптималдуу өнүктүрүү маселелери

олуттуу изилдөөлөргө жана толуктоолорго муктаж, анткени экономиканы стабилдештирүү тең салмактуу өнүгүүсүз мүмкүн эмес, жана бул маселени изилдөө аралаш экономикага өтүү шарттарында өзгөчө актуалдуу. Мындан тышкары, өз мыйзамдары боюнча өнүгүп келаткан (белгилүү секторлордон айырмаланган) коомдук сектор да терең изилдөөлөрдү талап кылат. Ошондуктан, мындай изилдөөлөрдүн актуалдуулугу күмөн жаратпайт, жана бул изилдөөнүн темасын тандоого себеп болду.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар, илимий мекемелер жүргүзгөн негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш Тажикстан Республикасынын 2030-жылга чейинки мезгилге өнүгүүсүнүн Улуттук стратегиясынын, Тажикстан Республикасынын 2011-2020-ж. мезгилине инновациялык өнүгүүсүнүн программасынын, Тажикстан Республикасынын транспорт комплексин 2025-жылга чейин өнүктүрүүнүн максаттык мамлекеттик программасынын, Тажикстан Республикасынын 2013-2015-жылдар мезгилине мамлекеттик тышкы карыздар программасынын, Тажикстан Республикасынын 2016-2020-жылдарга экспортко жана импортту алмаштырууга көмөк көрсөтүү мамлекеттик программасынын, ошондой эле Тажик мамлекеттик каржы-экономикалык университетинин «Тажикстандын экономикасын интеграциялануу жана аймакташуу шарттарында мамлекеттик жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү, мыйзам ченемдүүлүктөрү, принциптери жана ыкмалары» илимий изилдөөлөр планынын алкагында аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты жана маселелери**. Диссертациялык изилдөөнүн негизги максаты болуп кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук секторду өнүктүрүүнү оптималдуулук жана системалуулук көз карашынан теориялык жактан негиздөө жана практикалык рекомендацияларды иштеп чыгуу саналат. Коюлган максатка ылайык төмөнкү **маселелер** аныкталды жана чечилди:

- коомдук сектордун негизги регулятору катары аралаш экономиканын экономикалык маңызын жана түзүмүн, анын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү ролун жана ордун изилдөө; кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук секторун баалоонун методологиялык ыкмаларын изилдөө; кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук секторунун аракеттенишинин жана өнүгүшүнүн чет өлкөлүк тажрыйбасын жалпылоо;

- кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук сектордун өнүгүшүнө менчиктештирүү процесстеринин таасирин баалоо, ошондой эле анын Тажикстан Республикасында социалдык-экономикалык мамилелердин трансформациялануу шарттарында өнүгүүсүнүн формаларын аныктоо;

- Тажикстандын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук сектордун учурдагы абалын жана өнүгүшүн талдоо; кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук сектору системасында мамлекеттик сектордун өнүгүшүн, ошондой эле Тажикстан Республикасынын экономикасынын стабилдешүү процессиндеги өзгөчөлүктөрүн баалоо;

- коомдук сектордун жалпы өлкөнүн жана облустар, райондор жана шаарлар боюнча ИДПсынын өсүшүнө таасиринин экономикалык-математикалык моделин иштеп чыгуу;

- кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук секторунда социалдык-экономикалык оптимумга жетүүдөгү мамлекеттин ролун күчөтүүнүн негизги жолдорун аныктоо; кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө мамлекет менен жеке сектордун ортосундагы мамилелердин институционалдашуусун жана ошондой эле аны өркүндөтүү жолдорун изилдөө;

- кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү коомдук сектор механизмин ишке ашыруунун кластердик ыкмасын негиздөө жана Тажикстан Республикасынын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук секторду өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын иштеп чыгуу.

**Иштин илимий жаңылыгы** коомдук сектордун калыптанган теориялык концепцияларын жалпылоодо жана Тажикстан Республикасынын экономикасынын келечегин аныктаган негизги тип катары кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук секторду алга жылдыруу жана аны өнүктүрүү зарылдыгын негиздөөдө турат.

Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгын ачып көрсөткөн негизги элементтерге төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

✓ экономикалык менчиктин жана чарба жүргүзүүнүн бири-бири менен дайыма өз ара байланышкан жеке, коллективдик жана мамлекеттик типтеринин жана формаларынын мамлекеттик жана рыноктук жөнгө салуу механизмдеринин оптималдуу айкалышынын негизинде тең салмакттуу аракеттениши ишке ашкан аралаш экономиканын маңызы коомдук сектордун регулятору катары ачып көрсөтүлдү. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук коомдук сектор абдан татаал системалардын катарына киргендиктен, аны изилдөө жана баалоо системалык көз карашка таянышы керек экендиги далилденди. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук сектордун аракеттенишинин жана өнүгүшүнүн чет өлкөлүк тажрыйбасы жалпыланды;

✓ менчиктештирүү процесстеринин ишкердик ишмердүүлүктүн өнүгүүсүнө, Тажикстандын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук сектордун учурдагы абалына жана өнүгүүсүнө баа берилди. Улуттук экономиканын ар түрдүү секторлорунда менчиктештирүүнүн жана экономиканы реструктуризациялоонун натыйжаларын жалпылоонун негизинде бул процесстин татаалдыгы, карама-каршылыктуулугу жана тең салмактуу эместиги аныкталды, менчиктин жаңы түзүмүн калыптандыруу, ошондой эле кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук сектордун ар түрдүү сегменттеринин тенденциялары жана өнүгүшү, алардын ар биринин мааниси иликтенди;

✓ коомдук сектордун жалпы эле өлкөнүн, облустардын, райондордун жана шаарлардын ИДПсынын өсүшүнө тийгизген таасиринин экономикалык-математикалык модели иштелип чыкты жана ишке ашырылды;

✓ кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү коомдук сектордо социалдык-экономикалык оптимумга жетүүдөгү мамлекеттин ролун күчөтүүнүн негизги жолдору, рынок менен мамлекеттин, жеке жана мамлекеттик сектордун

экономикасынын оптималдык айкалышы көйгөйлөрүн чечүү жолдору негизделди, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө мамлекеттик сектордун ишмердүүлүгүнө тиешелүү негизги экономикалык категориялардын алмашуусу менен байланышкан мамлекеттик сектор менен «иштөөдөгү» мамлекеттик жөнгө салуунун кемчиликтери жана каталары аныкталды, алардын мазмуну такталды;

✓ республикада функционалдык экономикалык системалар (ФЭС) түрүндөгү өзүн-өзү жөнгө салуу механизмдеринин тармактарын калыптандыруунун өбөлгөлөрү жана анын аралаш экономиканын тең салмактуу өнүгүүсүндөгү мааниси аныкталды. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө институттар менен уюмдардан (аткаруу бийлигинин органдары, мамлекеттик ишканалар, маалымат борборлору, мамлекеттик эмес экономикалык уюмдар, жеке коммерциялык түзүмдөр ж.б.у.с.) турган ФЭСти түзүүнүн модели сунуш кылынды, ал коомдук сектордун туруктуу жана динамикалуу өнүгүүсүнө көмөк көрсөткөн белгилүү макроэкономикалык параметрлердин айланасында тең салмактуулукка өбөлгө түзүү үчүн өзүн-өзү жөнгө салуу механизмдерин калыптандырат. Ошондой эле мамлекеттик жана жеке ишкердик түзүмдөрүнүн формалдашкан кооперациясы катары коомдук сектордун өнүгүүсүндө тараптардын макулдашуусуна таянган мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн ролу негизделди;

✓ илимий-өндүрүштүк системалардын чарба жүргүзүүчү субъектилердин экономикалык жактан байланышкан ар түрдүү формаларынын жакын жайгашуусунан алынган пайдага жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү коомдук секторду жана анын элементтерин өнүктүрүүнүн кластердик концепциясына негизделген интеграция процессин калыптандыруудагы ролу жана мааниси далилденди. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө эки көрсөткүчтү аныктоонун негизинде регионалдык кластердик программаларды жана стратегияларды калыптандыруунун модели сунуш кылынды: а) региондун социалдык-экономикалык өнүгүшүнө шарт түзгөн кызмат көрсөтүүнүн коомдук секторунда интеграцияланган билим берүү жөндөмдүүлүгүн баалоо катары жагымдуулукту; б) Тажикстан Республикасынын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө кластерлердин ийгиликтүү аракеттенишине шарт түзгөн региондун спецификалык шарттарын баалоо катары ыңгайлашууну. Тажикстан Республикасынын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук секторду 2020-ж. чейинки мезгилге облустардын, шаарлардын жана райондордун өзгөчөлүктөрүн эске алуунун негизинде өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары сунуш кылынды.

Диссертациялык иштин **практикалык маанисин** кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук секторунда социалдык-экономикалык оптимумга жетишүүдө мамлекеттин ролун күчөтүү боюнча рекомендацияларды негиздөө жана Тажикстан Республикасынын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө кластердик ыкманын негизинде коомдук секторду өнүктүрүү механизмин өркүндөтүү түздү.

**Алынган натыйжалардын экономикалык мааниси** Тажикстан Республикасынын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук сектордун жаңы формалары менен ыкмаларын кийирүү үчүн укуктук, институционалдык, экономикалык, уюштуруучулук чөйрөнү өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууда турат. Эки көрсөткүчтү аныктоонун негизинде кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн регионалдык кластердик программасын жана стратегиясын калыптандыруунун иштелип чыккан моделдери өзгөчө мааниге ээ: региондун социалдык-экономикалык өнүгүшүнө шарт түзгөн кызмат көрсөтүүнүн коомдук секторунда интеграцияланган билим берүү жөндөмдүүлүгүн баалоо катары жагымдуулукту; Тажикстан Республикасынын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө кластерлердин ийгиликтүү аракеттенишине шарт түзгөн региондун спецификалык шарттарын баалоо катары ыңгайлашууну, коомдук сектордун жалпы өлкө боюнча жана аймактардын ИДПсынын өсүшүнө таасиринин экономикалык-математикалык модели, ошондой эле Тажикстан Республикасы кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү коомдук секторду өнүктүрүүнү артыкчылыктуу багыттары негизделди.

**Диссертациянын коргоого алынып чыгуучу негизги жоболору:**

1. Коомдук сектордун жөнгө салгычы катары жөнгө салуунун мамлекеттик жана рыноктук механизмдеринин оптималдуу айкалышынын негизинде экономикалык менчиктин жана чарбалардын дайыма бири-бири менен өз ара байланышта болгон жеке, коллективдик жана мамлекеттик типтеринин жана формаларынын тең укуктуу аракеттениши ишке ашкан аралаш экономиканын маңызы ачып көрсөтүлдү;
2. Тажикстандын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү коомдук сектордун учурдагы абалына жана өнүгүүсүнө, ишкердик ишмердүүлүктүн өнүгүшүнө менчиктештирүү процесстеринин таасирине баа берилди;
3. Коомдук сектордун жалпы өлкө боюнча жана өлкөнүн облустары, райондору жана шаарлары боюнча ИДПнын өсүшүнө таасиринин экономикалык-математикалык модели иштелип чыкты жана ишке ашырылды;
4. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү коомдук сектордо социалдык-экономикалык оптимумга жетишүүдө мамлекеттин ролун күчөтүүнүн, рынок менен мамлекеттин, жеке жана мамлекеттик сектордун экономикасынын оптималдык айкалышы көйгөйлөрүн чечүү жолдору негизделди;
5. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө институттар менен уюмдардан (аткаруу бийлигинин органдары, мамлекеттик ишканалар, маалымат борборлору, мамлекеттик эмес экономикалык уюмдар, жеке коммерциялык түзүмдөр ж.б.у.с.) турган коомдук сектордун туруктуу жана динамикалуу өнүгүүсүнө көмөк көрсөткөн белгилүү макроэкономикалык параметрлердин айланасында тең салмактуулукка өбөлгө түзүү үчүн өзүн-өзү жөнгө салуу механизмдерин калыптандырган функционалдык экономикалык системаларды түзүүнүн модели сунуш кылынды;
6. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө эки көрсөткүчтү аныктоонун негизинде регионалдык кластердик программаларды жана стратегияларды калыптандыруунун модели сунуш кылынды: региондун социалдык-

экономикалык өнүгүшүнө шарт түзгөн кызмат көрсөтүүнүн коомдук секторунда интеграцияланган билим берүү жөндөмдүүлүгүн баалоо катары жагымдуулукту; Тажикстан Республикасынын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө кластерлердин ийгиликтүү аракеттенишине шарт түзгөн региондун спецификалык шарттарын баалоо катары ыңгайлашууну.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Автордун жеке салымын Тажикстан Республикасында азыркы рынок шарттарында коомдук секторду өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарынын концепциясын иштеп чыгууга жана сыноодон өткөрүүгө анын түздөн-түз катышуусу түздү. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук секторду өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык жана практикалык аспектилери негизделди жана бул багытта айрым тактоолор, толуктоолор жана аныктамалар киргизилди. Рынок экономикасы системасында аралаш экономиканын жана коомдук сектордун орду жана ролу аныкталды, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү коомдук секторду баалоого усулдук көз караштар такталды, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук секторду өнүктүрүүнүн чет өлкөлүк тажрыйбасы жалпыланды. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук сектордун өнүгүшүнө менчиктештирүү процесстеринин таасири бааланды, Тажикстандын кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук секторунун учурдагы абалы талданды, кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук сектору системасында мамлекеттик сектордун өнүгүшүн баалоо жүргүзүлдү жана коомдук сектордун ички дүң продуктунун өсүшүнө тийгизген таасиринин экономикалык-математикалык модели иштелип чыкты. Мындан тышкары, изденүүчү тарабынан кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук секторунда социалдык-экономикалык оптимумга жетишүүдө мамлекеттин ролун күчөтүүгө баа берилди, кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн экономикалык жана башка секторлорунун ортосундагы институционалдык мамилелер изилденди, Тажикстан Республикасында кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө кластердик ыкманын негизинде коомдук секторду өнүктүрүү механизми өркүндөтүлдү.

Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө регионалдык кластердик программаларды жана стратегияларды калыптандыруу модели жаатында иштелип чыккан методикалар менен рекомендациялар аткаруу бийлигинин тиешелүү органдары (алсак Тажикстан Республикасынын Экономикалык өнүгүү жана соода министрлиги) тарабынан кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук секторду өнүктүрүү тууралуу чечимдерди кабыл алууда пайдаланылышы мүмкүн. Диссертациялык иштин тыянактары менен рекомендацияларын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук секторду өнүктүрүү теориясы жана практикасы боюнча мындан аркы изилдөөлөрдө колдонууга болот. Автордун илимий жана усулдук иштелмелери экономикалык адистиктердин студенттери үчүн «Менеджмент», «Ишкердик ишмердүүлүктүн негиздери», «Ишканалардын экономикасы», «Кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн экономикасы, уюштуруу жана башкаруу», «Аймактык экономика» дисциплиналарын окутууда пайдаланылды (кийирүү жөнүндө тактама тиркелет).

**Изилдөөнүн натыйжаларынын сыноодон өткөрүлүшү.** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары Тажик мамлекеттик каржы-

экономикалык университетинде (2009-2018-жж.), Тажик мамлекеттик коммерция университетинде (2009-2018-жж.), Тажикстандын Өнөр-жай жана жаңы технологиялар Министрлигинин Ишкердик жана сервис институтунда (2010-2018-жж.), Тажикстан Технологиялык университетинде (2011-2018-жж.), Тажик улуттук университетинде (2012-2018-жж.) өткөрүлгөн эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда, Тажикстандын жаш окумуштууларынын конференцияларында (2010-2018-жж.) баяндалды жана жактырылды.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору автордун жалпы көлөмү 9,5 басма табакты түзгөн 20 илимий макаласында, анын ичинен 8 РФ РИНЦ сунуш кылган басылмаларда, 2 Кыргыз Республикасынын ЖАК тарабынан сунуш кылынган басылмаларда жарыяланган.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутунду менен тиркемелерден, 148 аталыштагы адабияттардын тизмесинен турат жана 140 беттен турган компьютердик текстте чагылдырылган, 36 таблица, 6 тиркеме бар.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

***Киришүүдө*** изилденген көйгөйдүн актуалдуулугу жана маанилүүлүгү негизделди, изилдөөнүн маселелери, объектиси жана предмети аныкталды, алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси негизделди.

**Биринчи «Азыркы шарттарда кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү коомдук секторду изилдөөнүн теориялык-усулдук негиздери»** бөлүмүндө рынок экономикасы системасында аралаш экономиканын жана коомдук сектордун орду жана ролу изилденди, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук секторду баалоонун усулдук көз караштары такталды, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук секторду өнүктүрүүнүн чет өлкөлүк тажрыйбасы жалпыланды.

Азыркы экономика аралаш болуп эсептелет. Ошондой эле коомдук (мамлекеттик) сектордун өзүнүн экономикасы да аралаш болуп эсептелет.

Автор аралаш экономика – бул экономикалык менчиктин жеке, коллективдик жана мамлекеттик типтери менен формаларынын тең укуктуу аракеттениши, жөнгө салуунун мамлекеттик, монополисттик жана рыноктук механизмдеринин оптималдык айкалышы орун алган экономикалык система деп эсептейт. Аралаш экономика, эң оболу, жеке сектордон (рыноктук, коммерциялык); коомдук сектордон (рыноктук эмес, коммерциялык эмес); аралаш сектордон турат. Мында мамлекеттик сектордон жана мамлекеттик эмес коммерциялык эмес сектордон турган коомдук сектор татаал болуп эсептелет. Мындан тышкары, ага үй чарбалары сектору жана фирманын ичиндеги мамилелер кирет. Коомдук сектордогу экономикалык мамилелер чөйрөсү, коммерциялык эмес (рыноктук эмес) сектордун бир бөлүгү катары,

айрым өзгөчөлүктөргө ээ. Биринчиден, рыноктун мыйзамдары аракеттенбейт (же чектелүү аракеттенет), жана экономикалык субъектилердин ортосундагы өз ара мамилелердин рыноктук эмес ыкмасы басымдуулук кылат, пайда алуу экономикалык ишмердүүлүктүн чечүүчү мотиви болуп эсептелбейт. Экинчиден, негизги экономикалык байлыктар өндүрүлөт, жана алар жамаат менен (эреже катары, экономикалык ишканаларда жана мекемелерде) өндүрүлөт, үчүнчүдөн, экономикалык байлыктарга суроо-талап менен сунуштун ортосундагы экономикалык тең салмактуулук коомдун саясий системасынын алкагында, б.а. мамлекеттин таасиринде аныкталат.

Автордун пикиринде, коомдук сектор татаал системаларга кирет, анткени анда башкаруунун жана жөнгө салуунун формаларынын көп түрдүүлүгүнүн кайчылаш аракети ишке ашат. Андыктан, аны изилдөө жана баалоо системалык көз карашка таянууга тийиш. Коомдук секторд о тең салмактуулук эки механизмдин иштеши менен камсыз кылынат: ар түрдүү укладдардын ортосундагы объективдүү алмашуу процессинин, б.а. рынокту жөнгө салуучу механизмдердин; мамлекет тарабынан бекитилген параметрлердин: мамлекеттик кийлигишүү жана жөнгө салуу механизмдери, б.а. мамлекеттик бийлик институттарынын башкаруучу таасиринин.

Коомдук сектор – бул көп сандаган элементтердин комплекси, анын төмөнкү өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот:

- көп сандаган татаал структуралык элементтердин жана бөлүктөрдүн болушу; түзүлүшү иерархиялуу, жана андан улам, элементтердин ортосунда өз ара байланыш бекем;
- алардын бөлүктөрүнүн жана функцияларынын көп түрдүүлүгү;
- экономиканын секторлорунун туруктуулугун камсыз кылган жана өнүгүүнүн багыттарын аныктаган жалпы максатка умтулуу;
- көз карандысыз жана көз карандылыгы төмөн бөлүктөргө бөлүүгө жол койбогон тескери байланыштын болушу;
- тышкы таасирлерге туруштук берүү мүмкүндүгү, өзүн-өзү жөнгө салуу жөндөмдүүлүгү.

Коомдук сектордун аракеттенишинин артыкчылыктуу багыттары болуп коомдук кызматтарды көрсөтүү, кирешелерди бөлүштүрүү жана жашоочуларга социалдык көмөк көрсөтүү, ошондой эле мамлекеттик ишканалар тарабынан коммерциялык негизде товарларды сатуу жана кызмат көрсөтүү эсептелет. Мамлекет рынок субъектилеринин жүрүм-турумуна мыйзам актыларын кабыл алуу, салык алуу, дотациялар менен субсидияларды берүү жолдору менен таасир тийгизе алат.

Рыноктук мамилелердин тереңдөө шарттарында коомдук секторду трансформациялоонун маанилүү маселелеринин бири болуп аны башкаруунун сапатын жакшыртуу саналат, андан экономиканын коомдук секторунун ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу көз каранды болот.

Коомдук сектордун натыйжалуу иштеши социалдык чөйрөнүн тышкы жана ички чөйрөсүнө таасирин тийгизген көптөгөн факторлордон көз каранды экендигин белгилей кетүү зарыл. Коомдук сектор региондун демографиялык

абалынан, улуттук экономиканын натыйжалуулугунан жана экономиканын каржы каражаттарынын мамлекеттик бюджет аркылуу бөлүштүрүлүү деңгээлинен да көз каранды. Муну менен катар, коомдук сектордун ишинин өзгөчөлүктөрүн калыптандырган маанилүү шарттардын бири болуп УДП жана жумушсуздук деңгээли эсептелет.

Ар кандай мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн анализи максаттарды калыптандыруунун өзгөчөлүктөрүн, ресурстук камсыздоону жана эффективдүүлүктү баалоону изилдөөгө негизделерин белгилей кетүү зарыл. Ошондуктан коомдук секторду өнүктүрүүнүн чет өлкөлүк тажрыйбасын жалпылоонун артыкчылыктуу багыттары катары: коомдук тандоо маселелерин изилдөөнү; мамлекеттик каржы маселелерин изилдөөнү; коомдук сектордун ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын баалоо маселелерин изилдөөнү белгилөөгө болот.

ТЖКЧ (ЖКХ) чөйрөсүнүн өнүгүүсүнүн дүйнөлүк тажрыйбасы турак-жай фондунун менчик ээсинин функцияларын тактоонун жана алардын ыйгарым укуктары менен ТЖКЧ объектилерин тейлөөнү өз алдынча ишканаларга жүктөөнүн эффективдүүлүгүн көрсөттү. Мында экономикалык мамилелер турак-жай фондунун менчик ээсинин, ТЖКЧ кызматтарын көрсөтүүгө буйрутма берүүчүнүн жана кызмат көрсөткөн подряддык уюмдардын ортосунда түзүлөт.

Жалпысынан, ТЖКЧсынын белгилүү сегменттеринде катаал атаандаштыкты пайдалануу жеке жактардын эле эмес, мамлекеттин да чыгымдарын бир топ кыскартат. Мындан тышкары, атаандаштыктын курчушу калкты сапаттуу тейлөө мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо үчүн өбөлгөлөрдү түзөт.

**Экинчи «Тажикстан Республикасы кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук сектордун аракеттенишинин азыркы мезгилдеги абалы»** бөлүмүндө менчиктештирүү процесстеринин кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү коомдук сектордун өнүгүшүнө тийгизген таасири бааланды, Тажикстандын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук сектордун учурдагы абалы жана өнүгүшү талданды, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү коомдук сектор системасында мамлекеттик сектордун өнүгүшүнө баа берилди жана коомдук сектордун ички дүң продуктунун өсүшүнө таасиринин экономикалык-математикалык модели иштелип чыкты.

Азыркы мезгилде Тажикстанда биринчи кезекте коомдук секторду өнүктүрүүгө багытталган экономикалык реформалар жүрүп жатат. Бул иште мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү процесси эң чоң мааниге ээ, ал мамлекеттик менчиктин толугу менен үстөмдүк кылышын токтотуп, менчиктин ар түрдүү формаларын калыптандырууга өбөлгө түзүүгө тийиш. Бул түзүмдө алдыңкы орунду жеке менчик ээлейт.

Менчиктештирүү процессин активдештирүүдө автотранспорт чечүүчү ролду ойнойт. Автотранспортту автонаалардын типтери боюнча менчиктештирүүнүн анализи жүк ташуучу автоунаалар басымдуулук кылат жана алардын үлүшү 44,4% түзөт экендигин көрсөттү.

Мамлекеттик менчикти менчиктештирүүнү экономиканын негизги тармактары жана региондору боюнча изилдөө өзгөчө кызыкчылык туудурат. Анализ улуттук экономиканын тармактарынын ичинен мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү боюнча алдыңкы орунду айыл чарбасы ээлегенин жана анын үлүшү 21,0% түзгөнүн көрсөттү. Мамлекеттик мүлктү менчиктештирүүнү республиканын региондору боюнча карап көрсөк, анда Согдий облусу алдыда жана анын үлүшү 35,5 % түзөт.

Тажикстандын өкмөтү жакынкы мезгилдерде эле мамлекет менен бизнестин ортосундагы өнөктөштүк мамилелерге өтүүнү чечкенин белгилей кетүү керек. 2010-жылдан тартып Инвестициялар жана мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик комитет (ИММБМК) мамлекет менен бизнестин ортосунда өнөктөштүк мамилелердин жана укуктук алкактарды өнүктүрүү концепциясын иштеп чыккан.

Автор коомдук сектордун ишмердүүлүгүн объективдүү баалоо үчүн алгач 2010-2017-жж. мамлекеттик инвестициялардын көлөмүнүн өзгөрүшүн Тажикстан Республикасынын экономикасынын тармактары боюнча талдоо зарыл деп эсептейт. 2010-2017-жж. мамлекеттик инвестициялардын тармактар боюнча анализинен 2017-жылы мамлекеттик инвестициялардын көлөмү кескин азайганы көрүнүп турат. 2010-жылы мамлекеттик инвестициялар 9,9 млрд. сомонини түзсө, 2017-жылы бул көрсөткүч 1,24 млрд. сомониге барабар болгон, бул 2010-жылдагыдан 8 эсе аз. Мамлекеттик инвестициялардын түзүлүшүн карап көрсөк, анда билим берүү, ТЖКЧ жана энергетика сыяктуу тармактарга артыкчылык берилет. Муну менен бирге, салымдардын 69% республикалык деңгээлге, ал эми калган 31 % жергиликтүү деңгээлге туура келет. Муну менен бирге, Тажикстан Республикасынын негизги тармактарынын объектилерин курууну каржылоону эске алуу зарыл. 2017-жылга Тажикстан Республикасынын экономикасынын негизги тармактарынын объектилерин курууну каржылоонун анализи «мында 26 млн. сомониге 67 объекти менен айыл чарбасы жана мелиорация, ошондой эле 36 млн. сомониге 38 объекти транспорт басымдуулук кылат»· экендигин көрсөттү.

Чет өлкөлүк инвестициялардын 2001-2017-жж. көлөмүнүн анализи көп долбоорлор транспорт тармагына – 1646,7 млн. долларга 46 долбоор, айыл чарба тармагы менен балык чарбасына - 512,6 млн. долларга 43 долбоор, ТЖКЧ, экология, токой чарбасына - 264,2 млн. долларга 37 долбоор, отун-энергетика комплексине - 1665,6 млн. долларга 34 долбоор, мамлекеттик башкаруу секторуна - 408,1 млн. долларга 24 долбоор, саламаттыкты сактоого - 110,8 млн. долларга 18 долбоор жана билим берүүгө - 215,4 млн. долларга 18 долбоор туура келгенин көрсөттү. Каржылоонун түзүмүн карап көрсөк, сумманын басымдуу бөлүгү карыз (58 %) болуп эсептелет, гранттардын үлүшү - 36 %, ал эми эң аз үлүш (6%) Тажикстан Республикасына туура келет.

Автор азыркы шарттарда мамлекеттик сектордун негизинен үч модели бар деп эсептейт: Батыш Европа модели - Португалия, Франция ж.б.; Түндүк Америка модели – АКШ жана Канада; Азия модели - Япония жана Түштүк Корея. *Батыш Европа моделине* негизинен тармактык түзүмү ар түрдүү болгон,

көлөмү боюнча чоң, эффективдүүлүгү жогору жана мыкты каржыланган мамлекеттик сектор мүнөздүү. АКШнын *Түндүк Америка моделине* тескерисинче анча өнүкпөгөн, эффективдүүлүгү төмөн мамлекеттик сектор мүнөздүү, ал негизинен басымдуу каржылоо системасынын базасында чыныгы мамлекеттик функцияларга, коргонууга жана социалдык инфраструктурага адистешет. Эки моделге тең жеке бизнес менен мамлекеттин ортосундагы так чек ара мүнөздүү. *Чыгыш Азия моделинде* бул чек ара так эмес, мамлекет менен бизнестин кызыкчылыктарынын кайчылашуусу бийлик жана корпоративдик түзүмдөрдөгү өзүнүн өкүлдөрү аркылуу жүрөт. Мындай моделдин натыйжасы болуп мамлекет тарабынан мыкты каржылык жана уюштуруучулук колдоо көрсөтүү орун алган формалдуу түрдө анча чоң эмес мамлекеттик сектор саналат.

Биз Тажикстан мамлекеттик сектордун эки башкы моделинин – Батыш Европа жана Түндүк Америка моделдеринин ичинен – Түндүк Америка моделин тандап алмак деп эсептейбиз. Мамлекеттик чиновниктердин кызыкчылыктарынын бизнес өкүлдөрүнүн кызыкчылыктары менен кайчылашуусу мамлекеттик сектордун ачык-айкындыгын жана эффективдүүлүгүн жоготот. Биздин оюбузча ата мекендик мамлекеттик сектордун мындай модели рационалдуу эмес болуп саналат.

Автор ички дүң продукт өз ара байланышкан жана комплексте аракеттенген факторлордун системасынан көз каранды деп эсептейт. Маселенин татаалдыгы аны чечүү үчүн экономикалык-математикалык моделдештирүүнү пайдалануу зарылдыгын аныктайт. Бул факторлордун жалпы таасирин көп фактордук корреляциялык-регрессиялык анализинин жардамында аныктоого болот.

Тажикстан Республикасынын региондору боюнча ИДПнын божомолун түзүүнүн экономикалык-математикалык моделдеринин натыйжалары 1-таблицада берилди.

1-таблица - Тажикстан Республикасынын реиондору боюнча ИДПнын божомолун түзүүнүн экономикалык-математикалык модели

| **№** | **Регион** | **Экономикалык-математикалык моделдер** | **Моделдин статистикалык мүнөздөмөлөрү** |
|---|---|---|---|
| 1 | Тажикстан Республикасы | $У = -3752 - 0.632X_1 + 7.185X_2 + 3226\,X_3 + 1.824X_4 - 0.293X_5$ | $F_{байк} = 220.3$; $F_{крит}(0.01; 5; 4) = 15.52$; $R=0.997$; $R^2=0.994$; $S_{калд}=1107.2$; $K_1=p=5$; $K_2=n-p-1=4$; $T_{байк}=36.1$; $t_{крит.дв}(0.01;4)=4.6$. |
| 2 | Хатлон облусу | $У = -5527+ 0.3453\,X_1 + 12.78\,X_2 + 2999\,X_3 - 5.755\,X_4 + 1.197X_5$ | $F_{байк} = 121.9$; $F_{крит}(0.01; 5; 4) = 15.52$; $R=0.996$; $R^2=0.992$; $S_{калд}=421.14$; $K_1=p=5$; $K_2=n-p-1=4$; $T_{байк}=25.6$; $t_{крит.дв}(0.01;4)=4.6$. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | Согдий облусу | У = -2409- 1.499 $X_1$ + 11.21 $X_2$ + 1508 $X_3$ – 0.255 $X_4$ – $0.0098X_5$ | $F_{байк}$ = 318.16; $F_{крит}(0.01; 5; 4)$ = 15.52; $R$=0.995; $R^2$=0.990; $S_{калд}$=206.02; $\kappa_1=p=5;\ \kappa_2=n\text{-}p\text{-}1=4;$ $T_{байк}$=44.3; $t_{крит.дв}$ (0.01;4)=4.6. |
| 4 | ГБАО | У = 111.2+ 0.1654 $X_1$ + 0.3675 $X_2$ – 12.51 $X_3$ + 1.361 $X_4$ + $0.4446X_5$ | $F_{байк}$ = 39.56; $F_{крит}(0.01; 5; 4)$ = 15.52; $R$=0.987; $R^2$=0.974; $S_{калд}$=46.75; $\kappa_1=p=5;\ \kappa_2=n\text{-}p\text{-}1=4;$ $T_{байк}$=15.56; $t_{крит.дв}$ (0.01;4)=4.6. |
| 5 | РРП | У = 1678+ 1.188 $X_1$ + 0.9559 $X_2$ – 286.5 $X_3$ + 11.7 $X_4$ + $1.978X_5$ | $F_{байк}$ = 154.91; $F_{крит}(0.01; 5; 4)$ = 15.52; $R$=0.994; $R^2$=0.988; $S_{калд}$=193.2; $\kappa_1=p=5;\ \kappa_2=n\text{-}p\text{-}1=4;$ $T_{байк}$=27.672; $t_{крит.дв}$ (0.01;4)=4.6. |
| 6 | Душанбе ш. | У = 11550- 1.583 $X_1$ + 11.83 $X_2$ – 5198 $X_3$ + 2.155 $X_4$ - $5.978X_5$ | $F_{байк}$ = 175.68; $F_{крит}(0.01; 5; 4)$ = 15.52; $R$=0.997; $R^2$=0.994; $S_{калд}$=353.35; $\kappa_1=p=5;\ \kappa_2=n\text{-}p\text{-}1=4;$ $T_{байк}$=27.037; $t_{крит.дв}$ (0.01;4)=4.6. |

Демек, биз иштеп чыккан өлкөнүн региондору боюнча ИДПнын божомолун жасоонун экономикалык-математикалык моделдери реалдуу процесске ылайык келет жана статистикалык мааниге ээ.

Иштелип чыккан моделдердин негизинде Тажикстан Республикасында, облустарда, РРП, ГБАО жана Душанбе шаарында ИДПнын прогноздук эсептөөлөрүн жүргүзөбүз (2-табл.).

2-таблица - Тажикстан Республикасынын ИДПсын региондор боюнча прогноздоо (млрд. сомони)

| № | Регион | 2018 | 2020 | 2025 | 2030 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Тажикстан Республикасы | 54,6 | 65,7 | 78,8 | 94,6 |
| 2. | Хатлон облусу | 13,8 | 18.1 | 23,5 | 30,6 |
| 3. | Согдий облусу | 13,2 | 16,9 | 21,7 | 27.8 |
| 4. | ГБАО | 0,9 | 1.2 | 1,5 | 1,8 |
| 5. | РРП | 7,6 | 9.9 | 12.8 | 16.8 |
| 6. | Душанбе ш. | 12,1 | 14.1 | 16.4 | 19.6 |

Прогноздун натыйжалары Тажикстан Республикасынын экономикасынын негизги тармактарын туруктуу өнүктүрүү стратегиясын калыптандырууга шарт түзөт.

**Үчүнчү «Тажикстан Республикасынын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук секторду өнүктүрүү механизмин өркүндөтүүнүн негизги багыттары»** бөлүмүндө кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук секторунда

социалдык-экономикалык оптимумга жетишүүдө мамлекеттин ролун күчөтүүгө баа берилди, кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн экономикалык жана башка секторлорунун ортосундагы институционалдык мамилелер изилденди, Тажикстан Республикасында кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө кластердик ыкманын негизинде коомдук секторду өнүктүрүүнүн механизми өркүндөтүлдү.

Автор кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү коомдук сектор, эң оболу, чарба жүргүзүүнүн жеке, коллективдик жана мамлекеттик типтеринин жана менчиктин формаларынын оптималдуу айкалышын, жөнгө салуунун мамлекеттик-рыноктук механизмдерин, ошондой эле институционалдык-социалдык реформалар менен экономикалык пландоону жүргүзүүнү көздөйт деп эсептейт. Социалдык-экономикалык оптимум – бул социалдык-экономикалык системанын динамикалуу өнүгүүсүнүн жана статистикалык абалынын социалдык-экономикалык мамилелердин катышуучуларынын кызыкчылыктары менен коомдун максаттары толугураак жана жакшыраак ишке ашкан траекториясы.

Автордн ою боюнча мамлекет жеке сектор, ишкердик жана бардык чарба жүргүзүүчү субъектилер үчүн так нормаларды жана эрежелерди, б.а. «оюн эрежелерин» түзүү, жагымдуу социалдык климатты түзүүгө колдоо көрсөтүү, келишимдик системаны өнүктүрүү менен трансакциялык чыгымдарды минималдаштырат. Мисалы, коомдук сектор тарабынан берилген экономикалык баалуулуктардын маалымат жана технологиялар сыяктуу ар кандай түрлөрү трансакциялык чыгымдарды минималдаштырат жана муну менен социалдык-экономикалык оптимумду камсыз кылуу үчүн нормалдуу шарттар камсыз кылынат. Азыркы шарттарда илимий-техникалык прогресстин натыйжаларын кийирүү, улуттук экономиканын инновациялык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, анын ичинде аралаш экономиканын элементтерин калыптандыруу алардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн башкы фактору болуп саналат. 2000-2017-жж. аралыгында аткарылган илимий-техникалык иштердин көлөмү 1296,1 миң сомониден 53298,8 миң сомониге, же 41,1 эсе көбөйдү, анын ичинен, илимий-изилдөө иштеринин көлөмү – 74 эсе, фундаменталдык изилдөөлөрдүн көлөмү – 13,1 эсе көбөйгөн. Илимий-изилдөө иштеринин жалпы илимий-техникалык иштин жалпы көлөмүндөгү үлүшү 2000-жылдан 2017-жылга чейин 50,0%дан 17,7%га кыскарган, ал эми фундаменталдык изилдөөлөр - 97,2% дан 17,2%га түшкөн.

Кейнстик жана монетардык теориялардын кесилишинде (алардын негизинде мамлекеттин экономикалык саясаты калыптанат) аралаш экономикада өзүн-өзү жөнгө салуу механизмдеринин тармагы калыптандырылган, алар функционалдык экономикалык системалар (ФЭС) деп аталат экендигин белгилей кетүү зарыл. ФЭС өзүн-өзү жөнгө салуучу элементтердин системасы болуп саналат. Бул системада туруктуулуктун берилген параметрлеринен четтөө көп сандаган механизмдердин бузулган тең салмактуулукту калыбына келтирүү багытында тез арада мобилдешүүсүнө түрткү берет, муну менен макро- жана микродеңгээлде оптимумга жетүүгө шарт түзүлөт. ФЭС мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлик органдары,

мамлекеттик сектордун мекемелери же уюмдары, ар түрдүү экономикалык ассоциациялар, маалыматтык-аналитикалык борборлор, жарандык коомдун институттары, жеке коммерциялык түзүмдөр сыяктуу институттардан жана уюмдардан турат, алар экономиканын туруктуу жана динамикалуу өнүгүүсүнө колдоо көрсөткөн белгилүү макроэкономикалык параметрлердин айланасында тең салмактуулукту кармоо үчүн өзүн-өзү жөнгө салуу механизмдерин түзүшөт (3-таблица).

**3-таблица – Туруктуулуктун негизги макроэкономикалык параметрлери жана ФЭСтин аларга тиешелүү түрлөрү**

| Туруктуулуктун (тең салмактуулуктун) негизги макроэкономикалык параметрлери | ФЭСтин түрлөрү |
|---|---|
| *- баалардын индексинин жылдык көбөйүшү (6-7%дан ашпашы керек);*<br>*- жүгүртүүдөгү акча массасынын өсүү темптери (өндүрүштүн өсүү темптерине ылайык келиши керек);*<br>*- мамлекеттик бюджеттин таңкыстыгынын деңгээли (ИДПнын 2-3%ынан ашпашы керек);*<br>*- мамлекеттик карыз (ИДПнын 35%ынан ашпашы керек);* | *- инфляциянын деңгээлини жөнгө салуучу система;*<br>*- акча жана банк мультипликаторун калыптандыруу системасы;*<br>*- мамлекеттик бюджеттин теңдештирилишин камсыз кылуучу система;* |
| *- алтын валюта резервдеринин көлөмү (ИДПнын 8%ынан аз жана товарлардын импорту боюнча чыгымдарды жок дегенде 3 ай ичинде капташ үчүн жетиштүү болуш керек);* | *- алтын валюта резервдеринин калыптандыруу жана пайдалануу системасы;* |
| *- тышкы карызды тейлөө боюнча учурдагы төлөмдөрдүн кирешелерге катышы (экспорттон түшкөн кирешелердин 20%ынан ашпашы керек);* | *- ички жана тышкы карыздын параметрлерин жөнгө салуучу система;* |
| *- кеңейтилген кайталап өндүрүштү камсыз кыл үчүн ИДПга топтоолордн деңлээли (20%дан аз болушу керек);* | *- капиталдын агымын камсыз кылуучу система;* |
| *- жумушсуздуктун кооптуу деңгээли (эмгекке жарамд калктын жалпы санынын 9-10%ынан ашпашы керек);* | *- калкты социалдык жактан коргоо системасы;* |
| *- чет өлкөлүк товарлардын улуттук рыноктун айрым сегментериндеги үлүшү (30-40%дан ашпашы керек) ж.б.у.с.* | *- тышкы экономикалык мамилелерди жөнгө салчу жана атаандаштык чөйрөсүн калыптандыруучу экономикалык институттар.* |

**Булагы: автор тарабынан түзүлгөн**

ФЭСтин кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү негизги функциясы болуп атаандаштык чөйрөсүн калыптандыруу саналат, ал төмөнкү иш-чараларды аткарат:

- башка секторлор менен атаандаштыкты кармоо;
- чакан ишкердик субъектилеринин ири ишканалар тарабынан кара ниет атаандаштыктан коргоонун камсыз кылуу;
- жеке ишкердикти өнүктүрүү үчүн оптималдык шарттарды түзүү;
- табигый монополиялардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуу.

Тажикстанда функционалдык экономикалык системалардын элементтери калыптандырылган жана өркүндөтүлүп жатат. Болочокко бул элементтердин ичинен өзүн-өзү жөнгө салуунун иштиктүү механизмдери ишке ашырылат. Бирок экономиканын теңдештирилген абалына жетишүү императив болуп саналбайт. Буга кошумча, өзгөчө аралаш экономикалык системалардын реалдуу өнүгүшү дайыма эле тең салмактуулукту камсыз кылуу менен коштоло бербейт. Бул шарттарда рыноктун субъектилеринин жана анын инфраструктурасынын жогоруда белгиленген мүнөздөмөлөрү өз алдынча эмес, мамлекет тарабынан административдик жана нормативдик ыкмаларды колдонуу менен экономиканы жөнгө салуунун рационалдуу системасын түзүүнүн натыйжасында чагылдырылат.

Республикада рыноктун өнүгүү шарттарында мамлекет менен рыноктун, мамлекет менен жеке сектордун өз ара байланыштары маселеси актуалдуу болууда. Анткени рыноктук институттар бекемделди, ал эми мамлекеттик жөнгө салуу системасы жолго салынды. Мындан улам Тажикстан Республикасында 2012-жылдын 28-декабрында (№907) Тажикстан Республикасынын «Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө» мыйзамы кабыл алынды. Бул мыйзамдын 20-беренесинде мамлекет менен жеке сектордун ортосундагы өнөктөштүккө төмөнкүдөй аныктама берилген: «*мамлекеттик-жеке өнөктөштүк - мамлекеттик жана жеке өнөктөштөрдүн инфраструктура чөйрөсүндө жана социалдык кызмат көрсөтүүдө долбоорлорду ишке ашыруудагы мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө келишим менен бекитилген белгилүү мезгил ичиндеги кызматташтыгы*».[1] Бул мыйзам МЖӨтүн институционалдык (укуктук, экономикалык жана уюштуруучулук) негиздерин, инфраструктура жана социалдык кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү МЖӨ долбоорлорун ишке ашыруу тартибин аныктайт жана мамлекеттин жана жеке сектордун кызыкчылыктарын коргойт.

Тажикстан Республикасында МЖӨтүн артыкчылыктуу багыттары катары: энергетиканы, өнөр-жайын, транспортту, суу менен камсыздоо жана канализация тармагын, билим берүүнү, саламаттыкты сактоону жана телекоммуникацияларды белгилей кетүү зарыл.

Автор коомдук сектордогу долбоорлорго жеке инвестицияларды коргоо чарасы катары жеке өнөктөштүн жана долбоорлоо компаниясынын мүлкүн улутташтыруудан жана башка ушуга окшогон чаралардан коргоо үчүн мамлекеттик кепилдикти аныктоону эсептейт. Тажикстан Республикасынын инвестициялар жөнүндө мыйзамында да Тажикстан Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары тарабынан инвестициялар экспроприацияланбайт (улутташтырылбайт, реквизицияланбайт жана аларга карата бөлөк эквиваленттик чаралар, анын ичинен инвестордун каражатын мажбурлап тартып алууга же аны инвестициялардын натыйжаларын пайдалануу мүмкүндүгүнөн ажыратууга алып келген аракеттер (аракетсиздик) жасалбайт деп белгиленет. Бирок инвестордун экспроприациянын таасири,

[1] Закон Республики Таджикистан «О государственно-частном партнерстве». URL: http://www.mmk.tj

анын ичинен инвестицияны баалоо жана кенемте төлөп берүү тууралуу дооматы болсо, тиешелүү мыйзам тартибине ылайык инвестордун иши сот органы же Тажикстан Республикасынын башка ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан инвесторго кенемте төлөп берүү тартибин бузбастан тез арада каралат.

Азыркы шарттарда кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук секторду жана анын элементтерин өнүктүрүү үчүн кластердик концепцияга негизделген илимий-өндүрүштүк системаны өнүктүрүү маанилүү роль ойнойт. Кластердик уюштуруучулук формаларда аралаш чарба жүргүзүүнүн социалдык-экономикалык формасы ишке ашырылат. Кластердик ыкма, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү коомдук секторго жаңыча көз караш катары коомдук сектордун экономикалык жактан байланышкан ар түрдүү элементтеринин же чарбалык субъектилеринин жакын жайгашсунун артыкчылыктарына негизделген интеграциялык процессти калыптандыруу болуп эсептелет.

Автор тармактык регионалдык кластерлерди түзүүгө колдоо көрсөтүүнүн анализинин баштапкы этабы катары локалдашуу коэффициентин аныктоонун негизинде потенциалдык тармактарды тандоо керек экендигин далилдейт. Локалдашуу коэффициентин аныктоодо биз тармактын өнүгүү деңгээлин жана анын региондун экономикалык көрсөткүчтөрүндөгү ордун (ДРПга салымын) колдондук. Тигил же бул тармакта кластерди локалдашуу коэффициентинин эсептик көрсөткүчү бирге барабар же бирден чоң болгон шартта гана түзүүгө болот. Аталган коэффициентти эсептөө үчүн төмөнкү формулаларды колдонууну сунуш кылабыз»: [2]

$$\begin{cases} K_л = \dfrac{P_{ij}}{P_{is}} \\ K_л \geq 1 \\ P_{ij} = \dfrac{Q_{ij}}{Q_j} \\ P_{is} = \dfrac{Q_{is}}{Q_s} \end{cases} \qquad (1)$$

мында $P_{ij}$ – тармактын i райондо j өндүрүшү боюнча үлүшү;

$P_{is}$ – тармактын i өндүрүшу боюнча облустун масштабындагы үлүшү;

$Q_{ij}$ – тармакта райондун алкагында продукция өндүрүүнүн көлөмү;

$Q_j$ – жалпы регион боюнча өндүрүштүн көлөмү;

$Q_{is}$ – тармакта облустун алкагында продукция өндүрүүнүн көлөмү;

$Q_s$ – жалпы облус боюнча өндүрүштүн көлөмү.

---

[2] Федина Е.В., Екимова К.В. Структурирование региональной экономической системы на основе формирования отраслевых кластеров // Экономическое возрождение России. – 2010. – №1 (23). – С. 60-67.

Муну менен бирге, продукция чыгаруунун региондун социалдык-экономикалык өнүгүү көрсөткүчтөрүнө таасирин баалоо үчүн көрсөткүчтөрдүн төмөнкү тизмеси колдонулат:

- иш менен камсыз болуу коэффициенти;
- тармактагы орточо айлык акы;
- региондун экономикалык өнүгүүсүнө таасир этүү коэффициенти;
- инвестициялык жагымдуулук коэффициенти.

Кластерлерди калыптандыруунун регион үчүн жагымдуулук деңгээлин мүнөздөгөн локалдык көрсөткүчтөрдү аныктоонун негизинде тармак идентификацияланат – эң мыкты локалдык көрсөткүчтөрдүн эталону түзүлөт. Региондо кластерлерди түзүү үчүн тармактардын жагымдуулугунун интегралдык көрсөткүчү төмөнкү формула менен эсептелет:

$$I_{жаг} = \sqrt{(1-x_{\overline{зп}})^2 + (1-x_з)^2 + (1-x_{ип})^2 + (1-x_{сэр})^2} \quad (2),$$

мында:

$x_j$ – j-тармактын стандартташтырылган көрсөткүчү, төмөнкү формула менен аныкталат:

$$x_j = \frac{a_j}{\max a_j} \quad (3),$$ мында:

max $a_j$ – көрсөткүчтүн эталондук мааниси.

Жагымдуулуктун интегралдык көрсөткүчүн эсептөөдө ар бир тармакка шкаланын баллы [–1; 0; 1] ыйгарылат. Бул кийин тармакта жагымдуулуктун интегралдык көрсөткүчүнө да, кластердин белгилүү аймакка ыңгайлашуусуна да негизделген кластер түзүү мүмкүндүгүн аныктайт. Натыйжа векторун графиктик аныктоону пайдаланып, жагымдуулуктун маанилеринин интервалы алынат»:

$$\left[\begin{array}{l} I_{жаг} \in (x_1;+\infty) \Rightarrow (-1), \rightarrow \text{жагымсыз кластер,} \\ I_{жаг} \in (0;x_1] \Rightarrow 0, \rightarrow \text{потенциалл дуу жагымдуу кластер,} \\ I_{жаг} = 0 \Rightarrow 1, \rightarrow \text{абдан жагымдуу кластер,} \end{array}\right. \quad (4)$$

мында:

$x_1$ – вектордун эң кичине узундугу.

Сан жагынан бул шкаланын баллдарын [– 1, 0, 1] ыйгарууну жана натыйжа векторун аныктоонун графиктик ыкмасын колдонуунун базасында аныкталган интервалдарды калыптандырууну билдирет:

$$\left[\begin{array}{l} I_{ынгайл} \in (x_2;+\infty) \rightarrow (-1), \Rightarrow \text{регионалды к шарттар ынгайлашуу суна шарт ттузот} \\ I_{ынгайл} \in (0;x_2] \rightarrow 0, \Rightarrow \text{регионалды к шарттар ынгайлашуу га шарт ттузот} \\ I_{ынгайл} = 0 \rightarrow 1, \Rightarrow \text{регионалды к шарттар ынгайлашуу ну толугу менен камсыз кылат,} \end{array}\right. \quad (5)$$

мында: $x_2$ – вектордун эң кичине узундугу.

Тармактык регионалдык кластердин ыңгайлашуусун жагымдуулуктун баллдык баалары менен салыштырып, аны белгилүү региондордо түзүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоого болот. Кластердин жагымдуулуктун жыйынтыктоочу баасы менен ыңгайлашуусунун мүмкүн болгон айкалыштарынын натыйжалары жергиликтүү органдардын башкаруучуларына төмөнкүлөр тийип калышы мүмкүн экендигин аныктоого негиз берет: кластерди калыптандыруунун перспективасынын жоктугу (НК), белгилүү натыйжаларга алып келүүчү; кластера калыптандыруу максатка ылайык (ЖК); кластерди калыптандыруу мүмкүндүгү (ПК).

**4-таблица - Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө тармактык регионалдык кластерди калыптандыруу перспективаларын аныктоонун матрицасы**

| Кластердин ыңгайлашуусун баллдык баалоо | Кластердин жагымдуулугун баллдык баалоо | | |
|---|---|---|---|
| | –1 | 0 | 1 |
| –1 | НК | НК | НК |
| 0 | НК | ПК | ЖК |
| 1 | НК | ЖК | ЖК |

Сунуш кылынган методиканын негизинде кластерди калыптандыруу үчүн потенциалга ээ болгон тармактарды, ошондой эле региондо кластерге ыңгайлашууга өбөлгө түзгөн шарттардын болушун же жок болушун аныктоого болот.

Биз регионалдык тармактык кластердин жагымдуулук жана ыңгайлашуу интегралдык көрсөткүчтөрүнүн динамикасы кластердин жашоо циклин да, анын өнүгүү стадияларын да аныктоо үчүн негиз түзүшү мүмкүн деп эсептейбиз, бул регионалдык тармактык кластерлердин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун, ошондой эле ага мамлекеттик колдоо көрсөтүү даражасын аныктоо маселелерин чечүү мүмкүндүгүн берет. Убакыттын өтүшү менен интегралдык көрсөткүчтүн баштапкы мааниси сакталса, кластер калыптандыруу этабынан өтөт, бул анын эффективдүү эмес ишмердүүлүгүн күбөлөндүрөт. Мындай натыйжага тармактык регионалдык кластердин айрым катышуучулары тарабынан, же мамлекеттик органдар тарабынан координациялык функцияларды сапаттуу эмес аткаруу алып келет. Мындан аталган факторлордун терс таасирин жоюу зарылдыгы келип чыгат.

Тажикстан Республикасынын экономикасы боюнча алганда биз кластерлердин 2 тибин бөлүп карадык: экспортко багытталган өндүрүштүн базасында жана тез өнүгүп жаткан тармактын же ага тектеш тармактын базасында. Тажикстан Республикасында биринчи типке металлургия жана текстиль кластерлери, ал эми экинчи типке - транспорт-логистика, туристтик, тамак-аш кластерлери, курулуш материалдары кластерлери кирет. Бул механизмдерди жаңы ишканалар менен уюмдарды түзүүнүн негизинде гана ишке ашырууга болот экендигин белгилей кетүү зарыл.

Ошентип, кластерлерди түзүү экспортко-багытталган өндүрүштүн жана тейлөөнүн тиешелүү түрлөрүн көрсөтүү чөйрөсүнүн эффективдүүлүгүн бир топ жогорулатууга шарт түзөт.

## ТЫЯНАКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Жүргүзүлгөн изилдөөлөдүн натыйжалары төмөнкү тыянактарды жана рекомендацияларды чыгарууга шарт түзөт:

1. Азыркы экономика *аралаш* болуп эсептелет. Анда өндүрүштүк-чарбалык ишмердүүлүк коомдук сектор, ошондой эле жеке каржылык эмес ишканалар, каржы-насыя жана башка уюмдар тарабынан жүргүзүлөт. Коомдук сектордун өзүнүн экономикасы да аралаш болуп эсептелет.

2. Коомдук сектор башкаруунун жана жөнгө салуунун ар кандай формалары кайчылаш аракеттенген татаал система болуп саналат. Коомдук сектор бири-бири менен тыгыз байланышкан, өз алдынча функциялардын аткарылышын камсыз кылган элементтерден турат. Коомдук сектор маанилүү чарбалык функцияларды аткарган, экономикалык параметрлерди аныктаган жана аларды аткаруучуларга жеткирген өзүн-өзү жөнгө салуучу система болуп эсептелет. Рыноктун элементтеринин тең салмактуу абалына шарт түзгөн алмашуу процесстеринин жана механизмдеринин (экономикалык параметрлердин) активдүү жана туура аракети кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук сектордун динамикалуу жана тең салмактуу өнүгүшүнө шарт түзөт.

3. Автор аралаш оптимумуна карай оптималдуу өнүгүү тең салмактуулуктун жалпы мыйзамдарына карама-каршы келбейт, тескерисинче, ага тагыраак ориентирлерди берет экендигин белгилейт. «Оптимум бардык типтеги системалардын кыймылында «чокуга» чыгууга шарт түзгөн социалдык-экономикалык процесс (техникалык операция эмес)» экендигин белгилей кетүү зарыл. Ал эми аралаш тип үчүн – бул «жылдыздуу системаларга» тандык болгон кайчылаш аракет ички механизминин тартипке салынышы. Оптималдуу тең салмактуулук комплексине жетүүнүн натыйжасында аралаш экономиканын механизмдери эң мыкты жол менен айкалышат, жана экономикалык организм андан эффективдүү, рационалдуу болот».

4. Автор «коомдук сектордун экономикалык ишмердүүлүгүнүн үчүнчү чоң чөйрөсү катары рыноктук баалар менен сатылган *товарлар менен кызматтарды өндүрүүнү* бөлүп көрсөтүүгө болот деп эсептейт. Коомдук сектордун экономикалык ишмердүүлүгүнүн түпкү максаты болуп калктын жыргалчылык деңгээлин жана жашоочулардын негизги массасынын жашоо деңгээлинин стандарттарын жогорулатуу саналат».

5. Азыркы шарттарда дүйнөдө да, Тажикистанда да социалдык маанидеги долбоорлорду – автоунаа жана темир жолдорду, аэропортторду, электростанцияларды курууну жана тейлөөнү мамлекеттик каржылоо көйгөйү абдан курч. Ошондуктан биз МЖӨ механизмин ишке ашыруунун чет өлкөлүк тажрыйбасын изилдөө жана аны Тажикистандын шарттарында колдонуу зарыл деп эсептейбиз.

6. Менчиктештирүү процесстеринин өнүгүшүнүн анализи «айыл чарбасы экономиканын негизги тармактарынын арасында алдыңкы орунду ээлегенин жана анын үлүшү 21.3 % түзөрүн көрсөттү. Өлкөнүн региондорунун ичинен

Согдий облусу алдыда жана анын үлүшү 34,0 % түзөт. Автоунаа транспорт транспорттун түрлөрү боюнча менчиктештирүүдө басымдуулук кылат».

7. 2010-2017-жж. мамлекеттик инвестициялардын анализи «экономиканын бардык тармактарына мамлекеттик салымдардын көлөмү жылдан-жылга көбөйүп жаткандыгын көрсөттү. 2017-жылы мамлекеттик инвестициялардын көлөмү кескин кыскарган. 2010-жылы мамлекеттик инвестициялар 9.9 млрд. сомонини түзгөн болсо, 2017-жылы бул көрсөткүч 1.24 млрд. сомонини түзүп калган, бул 2010-жылга салыштырмалуу 8 эсе аз. Салымдардын 69 % республикалык деңгээлде, ал эми калган 31 % жергиликтүү деңгээлде».

8. Эң көп объектилер Душанбе шаарында - 85 объекти, Нурабадда – 19 объект, Шахринавада - 17 объекти жана Тажикабадда -14 объекти курулган. Душанбе шаарында курулган 85 объектинин ичинен 33 объекти ТЖКЧ таандык, 22 объекти – билим берүү, 8 объекти – маданият жана спорт, 4 объекти - мамлекеттик башкаруу, 5 объекти – саламаттыкты сактоо, 4 объекти – айыл чарба жана мелиорация, 8 объекти - бөлөк тармактар жана 1 объекти – коомдук тартипти сактоо. 2017-жылы Тажикстан Республикасында социалдык чөйрө объектилерин курууну каржылоонун анализи мында билим берүү чөйрөсү басымдуулук кылганын көрсөттү – 153 млн. сомониге 91 объекти, маданият жана спорт – 170 млн. сомони 27 объекти».

9. 2001-2016-жж. чет өлкөлүк инвестициялардын көлөмүн изилдөө «долбоордун басымдуу бөлүгү транспорт тармагына – 1646,7 млн. долларга 46 долбоор, айыл чарба тармагы менен балык чарбасына - 512,6 млн. долларга 43 долбоор, ТЖКЧ, экология, токой чарбасына - 264,2 млн. долларга 37 долбоор, отун-энергетика комплексине - 1665,6 млн. долларга 34 долбоор, мамлекеттик башкаруу секторуна - 408,1 млн. долларга 24 долбоор, саламаттыкты сактоого - 110,8 млн. долларга 18 долбоор жана билим берүүгө - 215,4 млн. долларга 18 долбоор туура келгенин көрсөттү. Каржылоонун түзүмүн карап көрсөк, сумманын басымдуу бөлүгү карыз (58 %) болуп эсептелет, гранттардын үлүшү - 36 %, ал эми эң аз үлүш (6%) Тажикстан Республикасына туура келет».

10. «Акыркы жалдарда Тажикстан Республикасында жана бүткүл дүйнөдө мурда мамлекеттик менчикте жана мамлекеттик башкарууда болгон тармактарда: электроэнергетикада, автожол, темир жол, коммуналдык чарба, транспортто, аэропорттордо олуттуу институционалдык өзгөрүүлөр жүрүп жаткандыгы далилденди. Мамлекет бул тармактардын объектилеринин ишмердүүлүгүн жөнгө салуу жана көзөмөлдөө укугун өзүнө калтыруу менен бизнеске узак жана орто мөөнөттүк пайдаланууга берип жатат».

11. Тажрыйба Тажикстан Республикасынын облустары менен райондорунда коомдук секторду колдонуу механизмдери ар кандай деңгээлде экендигин көрсөттү. Эксперттердин көпчүлүгү кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук сектордун тажрыйбасы боюнча региондордун өнүккөндүгү: институттардын, мыйзам базасынын, долбоорлоо тажрыйбасынын өнүккөндүгү менен аныкталат деп эсептешет. Тажикстанда мындай өнөктөштүктүн мисалы болуп республикада концессиондук негизде иштеген «Памир Энерджи»

компаниясы жана «Инновейтив Роуд Солюшнз ЛТД» (IRS) компаниясынын филиалы саналат. «Памир Энерджи» электр энергиясын иштеп чыгуу жана ГБАО аймагында электроэнергетика тармактарын башкаруу менен алектенет, ал эми IRS филиалы – Душанбе-Чанак акы төлөнүүчү автоунаа жол инфраструктурасын башкаруу менен алектенет.

12. Коомдук сектордун жалпы эле өлкөнүн, облустардын, райондордун жана шаарлардын ИДПсынын өсүшүнө тийгизген таасиринин экономикалык-математикалык модели иштелип чыкты жана ишке ашырылды. Иштелип чыккан моделдин негизинде Тажикстан Республикасы, анын облустары, РРП, ГБАО жана Душанбе ш. боюнча прогноздук эсептөөлөр жүргүзүлдү. Прогноздун натыйжалары Тажикстан Республикасынын экономикасынын негизги тармактарын туруктуу өнүктүрүү стратегиясын түзүүгө шарт түзөт.

13.. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө институттар менен уюмдардан турган, коомдук сектордун туруктуу жана динамикалуу өнүгүүсүнө көмөк көрсөткөн белгилүү макроэкономикалык параметрлердин айланасында тең салмактуулукка өбөлгө түзүү үчүн өзүн-өзү жөнгө салуу механизмдерин калыптандырган ФЭСти түзүүнүн модели сунуш кылынды. Ошондой эле коомдук сектордун өнүгүүсүндө мамлекеттик жана жеке ишкердик түзүмдөрүнүн формалдашкан кооперациясы катары мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн ролу негизделди.

14. Диссертацияда автор тарабынан коомдук сектордогу долбоорлорго жеке инвестицияларды коргоо үчүн мыйзам чегинде мамлекеттик кепилдик берүү зарылдыгы негизделди. Тажикстан Республикасынын Инвестициялар жөнүндөнү Мыйзамында да инвестициялар экспроприацияланбайт экендиги бекемделген».

15. «Улуттук экономиканын өзгөчөлүктөрү эске алынып, кластерлердин 2 тиби бөлүп каралды: экспортко багытталган өндүрүштүн базасында жана тез өнүгүп жаткан тармактын же ага тектеш тармактын базасында. Биринчи типтеги кластерлерди түзүү инвестицияларды тартууну жана өлкөнүн өнөр-жай комплексинде чыныгы атандаштыктын өнүгүүсүн камсыз кылат. Тажикстан Республикасында биринчи типке металлургия жана текстиль кластерлери, ал эми экинчи типке - транспорт-логистика, туристтик, тамак-аш кластерлери, курулуш материалдары кластерлери кирет. Жаңы ишканаларды түзүү бул механизмди ишке ашырууга өбөлгө түзөт».

Ошентип, коомдук сектор кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн өнүгүшүнө шарт түзөт, бул жалпысынан жашоочулардын жашоо деңгээлинин жогорулашын, ошондой эле өлкөнүн облустарында, шаарларында жана райондорунда кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн туруктуу өнүгүшүн камсыз кылат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫК КӨРГӨН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ

1. Шукуров С.М. Государственно-частная партнёрства как важный фактор развития экономики Таджикистан [Текст] / Шукуров С.М. // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии, № 4 (23), 2018 - С. 72-78.

2. Шукуров С.М. Оценка влияние приватизационных процессов на развитие общественного сектора в сфере услуг [Текст] / Шукуров С.М // Международная научно-практическая конференция «Фундаментальные научные исследования: теоретические и практические аспекты», Западно-Сибирский научный центр, г. Кемерова 19.09.2018. С. 158-165

3. Шукуров С.М. Влияние приватизационных процессов на развитие общественного сектора в сфере услуг [Текст] / Шукуров С.М // Бенефициар»-журнал об экономических наук 20 выпуск, 26.02.2018.- С. 7-13

4. Шукуров С.М. Системный подход к исследованию и оценки общественного сектора в сфере услуг [Текст] / Шукуров С.М // «Вестник профессионального бухгалтера» г. Самара 2018. – С. 4-13

5. Шукуров С.М. Усиление роли государства в достижении социально-экономического оптимума в общественном секторе сферы услуг [Текст] / Шукуров С.М., Ходжаев П.Д. // «Бенефициар»- журнал об экономических наук 29 выпуск, 5.10.2018г. Кемерово 2018. С. 31-36

6. Шукуров С.М. Оценка влияние функциональных экономических систем на развитие общественного сектора сферы услуг [Текст] / Шукуров С.М., Ходжаев П.Д.// Известия. Международный теоритический и научно практический журнал. Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии 2018. С 104-110

7. Шукуров С.М. Основные модели развитие государственного сектора в системе общественного сектора сферы услуг [Текст] / Шукуров С.М // Республиканская научно-практическая конференция на тему «Проблема развития туризма и народных ремесел в современных условиях» Пенджикент 2018г. Стр.165-169.

8. Шукуров С.М. Некоторые аспекты государственно-частного предпринимательского партнёрства в сфере транспортных услуг [Текст] / Шукуров С.М // Таджикистан и мировой рынок ценных бумаг: предпосылки и возможности участия Сборник материалов республиканской научно-практической конференции г. Душанбе, 24.02.2018 года, стр.223-230.

9. Шукуров С.М. Исследование особенности общественного сектора на основе системного подхода в сфере услуг. [Текст] / Шукуров С.М // Сборник статей научно- теоретической конференции преподавателей и студентов ГФЭУТ. 2017. С. 87-89

10. Шукуров С.М. Закономерности формирования и развития макроэкономических процессов смешанной экономики [Текст] / Шукуров С.М // Вестник ФЭИТ (научно-теоретический журнал). Серия экономических наук. - Душанбе 2015. № 1(3) - С. 55-58. [Текст] / Шукуров С.М // Вестник ФЭИТ (научно-теоретический журнал). Серия экономических наук. - Душанбе 2014. № 1 - С. 127-132.

11. Шукуров С.М. Совместная деятельность государственно частного предпринимательства как основное направление развития смешанной экономики [Текст] / Шукуров С.М., Мирсаидов А.Б. // Вестник ТНУ (научный

журнал). Серия экономических наук. - Душанбе: Сино, 2014. № 2/7 (147) - С. 262-266.

12. Шукуров С.М. Институционализация отношений между государством и частным сектором в системе смешанной экономики Республики Таджикистан [Текст] / Шукуров С.М., Азизкулов Б.Дж. // Вестник ТНУ (научный журнал). Серия экономических наук. - Душанбе: Сино, 2014. № 2/9 (151). - С. 226-229.

13. Шукуров С.М. Рыночный тип развития как основной механизм эффективного функционирования смешанной экономики [Текст] / Шукуров С.М // Вестник ТНУ (научный журнал). Серия экономических наук. - Душанбе: Сино, 2014. № 2/1. - С. 67-70.

14. Шукуров С.М. Теоретические аспекты институционализация отношений между государством и частным сектором в Республике Таджикистан и пути его совершенствование [Текст] / Шукуров С.М // Вестник ФЭИТ (научно-теоретический журнал). Серия экономических наук. - Душанбе 2014. № 1 - С. 127-132.

15. Шукуров С.М. Место и роль налоговой политики в развитии деятельности малого и среднего бизнеса в Республике Таджикистан [Текст] / Шукуров С.М // Вестник ФЭИТ (научно-теоретический журнал). Серия экономических наук. - Душанбе 2014. № 1 - С. 61-68.

16. Шукуров С.М. Экономические ученые об основах формирования смешанной экономике [Текст] / Шукуров С.М // Сборник научных трудов Финансово-экономического института Таджикистана Душанбе: 2013. № 1. - С. 119-123.

17. Шукуров С.М. Особенности организации региональной экономики в рыночных условиях [Текст] / Шукуров С.М // Сборник научных трудов Финансово-экономического института Таджикистана Душанбе: 2013. №1. - С. 309-312.

18. Шукуров С.М. Роль малого и среднего бизнеса в развитие экономики [Текст] / Шукуров С.М // Материалы республиканской научно-практической конференции «Президент Республики Таджикистан защитник конституции и законов» Душанбе: 2013. С. 228-234.

19. Шукуров С.М. Переходная экономика-переход от чистой к смешанной экономике [Текст] / Шукуров С.М // Материалы научно-практической конференции «Проблемы повышения доходов населения в Республике Таджикистан» (25 ноября 2012, г. Душанбе).- Душанбе: РТСУ, - С. 78-85.

20. Шукуров С.М. Проблемы налогообложения, учета и отчетности малых предприятий [Текст] / Шукуров С.М // Вестник ИПС (научно-теоретический журнал). Серия экономических наук. - Душанбе 2007. № 17 - С. 129-135.

**Шукуров Сухроб Музаффаршоевичтин 08.00.05 – Экономика жана эл чарбасын башкаруу (кызмат көрсөтүү чөйрөсү) адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Тажикстан Республикасынын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук секторду калыптандыруу жана өнүктүрүү» жазылган диссертациялык ишинин**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** коомдук сектор, кызмат көрсөтүү чөйрөсү, механизм, экономикалык мамилелер, рынок экономикасы, аралаш экономика, менчиктештирүү процесстери, факторлор, улуттук экономика, мамлекеттик жөнгө салуу, кластердик ыкма, фменчиктиен формалары, социалдык-экономикалык оптимум, экономикалык-математикалык моделдештирүү ж.б.у.с.

**Диссертациялык изилдөөнүн максатын** кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук секторун оптималдуулук жана системалык көз караш позициясынан алып өнүктүрүүнү теориялык негиздөө жана практикалык рекомендацияларды иштеп чыгуу түздү.

**Изилдөөнүн усулдары.** Диссертацияда теориялык жана эмпирикалык түзүүчүлөрдөн турган диалектикалык ыкмалар, системалык ыкма, анализ, синтез, жалпылоо, ошондой эле топтоштуруу, мейкиндик жана динамикалык салыштыруу, корреляциялык-регрессиялык анализ ыкмалары ж.б. колдонулду.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын жаңылыгы.** Диссертациялык иште рыноктук экономика системасында аралаш экономиканын жана коомдук сектордун орду жана ролу изилденди, кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук секторун баалоого усулдук көз караштар такталды, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук секторду өнүктүрүүнүн чет өлкөлүк тажрыйбасы жалпыланды. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук секторунун өнүгүшүнө менчиктештирүү процесстеринин таасирине баа берилди, Тажикстандын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү коомдук сектордун учурдагы абалы талданды, кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү коомдук сектор системасында мамлекеттик сектордун өнүгүшү бааланды жана коомдук сектордун ички дүң продуктунун өсүшүнө таасиринин экономикалык-математикалык модели иштелип чыкты. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук секторунда социалдык-экономикалык оптимумуна жетишүүдөгү мамлекеттин ролун күчөтүүнүн аспектилери изилденди, кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук жана башка секторлорунун ортосундагы институционалдык мамилелер иликтенди, Тажикстан Республикасында кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн кластердик ыкмасынын негизинде коомдук секторду өнүктүрүүнүн механизми өркүндөтүлдү.

**Колдонуу даражасы.** Кызмат көрсөтүү чөйрөсү регионалдык кластердик программалары менен стратегияларын калыптандыруу модели боюнча иштелип чыккан методикалар менен рекомендациялар кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук секторун өнүктүрүү жөнүндө чечимдерди кабыл алууда аткаруу бийлигинин тиешелүү органдары (алсак Тажикстан Республикасынын экономикалык өнүгүү жана соода министрлиги) тарабынан пайдаланылышы мүмкүн. Диссертациялык иштин тыянактарын жана рекомендацияларын кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук секторун өнүктүрүүнүн теориясы жана практикасы жаатындагы мындан аркы изилдөөлөрдө колдонууга болот. Диссертациялык изилдөөдөн алынган натыйжалар кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук секторду өнүктүрүүгө жана улуттук экономиканын ушул секторун баалоо ыкмаларын жакшыртууга, кызмат көрсөтүү чөйрөсүннү коомдук секторун кластердик ыкманын негизинде өнүктүрүү механизмин өркүндөтүүгө олуттуу салымын кошот. Диссертацияда иштелип чыккан практикалык рекомендациялар менен сунуштар коомдук сектордун өнүгүшүнө жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн коомдук секторунда социалдык-экономикалык оптимумга жетишүүдө мамлекеттин ролун күчөтүүгө шарт түзөт.

**Колдонуу аймагы:** изилдөөдөн алынган конкреттүү натыйжалар кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө коомдук секторду калыптандыруу жана өнүктүрүү көйгөйлөрүн натыйжалуу чечүүгө шарт түзөт. Иштелип чыккан моделдер регионалдык кластердик программаларды жана эки көрсөткүчтү аныктоонун негизинде кызмат көрсөтүү чөйрөсүн өнүктүрүү стратегиясын калыптандырат: региондун социалдык-экономикалык өнүгүшүнө шарт түзгөн кызмат көрсөтүүнүн коомдук секторунда интеграцияланган түзүм жөндөмдүүлүгүн баалоо катары жагымдуулукту; Тажикстан Республикасынын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө кластерлердин ийгиликтүү аракеттенишине шарт түзгөн региондун спецификалык шарттарын баалоо катары ыңгайлашууну. Сунуш кылынган экономикалык-математикалык модель министрликтер менен ведомстволорго коомдук сектордун ИДПнын өсүшүнө таасирин баалоого жана жалпы өлкө, Тажикстан Республикасынын региондору боюнча ИДПны прогноздоого мүмкүндүк берет. Автордун илимий жана усулдук иштелмелер жогорку окуу жайларында окуу курстарын окутууда колдонулду.

# РЕЗЮМЕ

**диссертационной работы Шукурова Сухроба Музаффаршоевича на тему «Формирование и развитие общественного сектора в сфере услуг Республики Таджикистан» представленной на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – Экономика и управление народным хозяйством (сфера услуг)**

**Ключевые слова:** общественный сектор, сфера услуг, механизм, экономические отношения, рыночная экономика, смешанная экономика, приватизационные процессы, факторы, национальная экономика, государственного регулирования, кластерный подход, формы собственности, социально-экономический оптимум, экономико-математическое моделирование и т.д..

**Цель диссертационного исследования** заключается **в** теоретическом обосновании и разработки практических рекомендаций по развитию общественного сектора в сфере услуг с позиций оптимальности и системного подхода.

**Методы исследования.** В диссертации использованы диалектические методы, системный подход, анализ, синтез, обобщение, включающие теоретическую и эмпирическую составляющую, а также методы группировки, пространственного и динамического сравнения, корреляционно-регрессионного анализа и др.

**Полученные результаты и их новизна.** В диссертационной работе изучены место и роль смешанной экономики и общественного сектора в системе рыночной экономики, уточнены методические подходы к оценки общественного сектора в сфере услуг, обобщен зарубежный опыт развития общественного сектора в сфере услуг. Дана оценка влияния приватизационных процессов на развитие общественного сектора в сфере услуг, проанализировано современное состояние общественного сектора в сфере услуг Таджикистана, проведена оценка развитие государственного сектора в системе общественного сектора сферы услуг и разработана экономико-математическая модель влияние общественного сектора на рост валового внутреннего продукта. Уточнены аспекты усиления роли государства в достижении социально-экономического оптимума в общественном секторе сферы услуг, исследованы институциональные отношения между общественным и другими секторами сферы услуг, усовершенствован механизм развития общественного сектора на основе кластерного подхода в сфере услуг в Республике Таджикистан.

**Степень использования.** Разработанные методики и рекомендации относительно модели формирования региональной кластерной программы и стратегий в сфере услуг могут быть использованы соответствующими органами исполнительной власти при принятии решений о развитии общественного сектора в сфере услуг (в частности Министерством экономического развития и торговли Республики Таджикистан). Выводы и рекомендации диссертационной работы могут быть использованы для дальнейших исследований в области теории и практики развития общественного сектора в сфере услуг. Полученные в диссертационном исследовании результаты вносят значительный вклад в развитие общественного сектора в сфере услуг и улучшение методов оценки развития данного сектора национальной экономики, совершенствования механизма развития общественного сектора на основе кластерного подхода в сфере услуг. Разработанные в диссертации практические рекомендации и предложения способствуют развитию общественного сектора и усилению роли государства в достижении социально-экономического оптимума в общественном секторе сферы услуг.

**Область применения:** полученные конкретные результаты исследования позволят эффективно решать проблемы формирование и развитие общественного сектора в сфере услуг. Разработанные модели формируют региональные кластерные программы и стратегии в сфере услуг на основе определения двух показателей: привлекательности как оценки способности интегрированного образования в общественном секторе сферы услуг, которая способствует социально-экономическому развитию региона; адаптации как оценка специфических условий в регионе, способствующих успешному функционированию кластеров в сфере услуг Республики Таджикистан. Предложенная экономико-математическая модель позволяет министерствам и ведомствам оценить влияние общественного сектора на рост ВВП и прогнозировать ВВП в целом по стране и в разрезе регионов Республики Таджикистан. Научные и методические разработки автора использованы при чтении учебных курсов в высших учебных заведениях.

**ANNOTATION**

**to the dissertation abstract of Shukurov Suhrob Muzaffarovich on the topic “Formation and development of the public sector in the service sector of the Republic of Tajikistan”, presented for the obtaining the degree of candidate of economic sciences in specialty 08.00.05 - Economics and Management of National Economy (sphere of services)**

**Keywords:** public sector, sphere of services, mechanism, economic relations, market-based economy, mixed economy, privatization processes, factors, national economy, state regulation, cluster approach, forms of ownership, socio-economic optimum, economic and mathematical modeling, etc. ..

**The object of the research** is the public sector in the sphere of services, its structure, types and forms of maintaining the optimal development of its structural elements.

**The subject of the research** is the economic relations between elements and segments of the public sector, its inherent principles and laws, which reflect the organic unity of the market self-regulation and state regulation in the sphere of services.

**The purpose of the dissertation research** is the theoretical substantiation and development of practical recommendations for the development of the public sector in the sphere of services from the standpoint of optimality and a systematic approach.

**Research methods.** In the dissertation abstract it is used a systematic approach, analysis, synthesis, synthesis, the dialectical methods, including the theoretical and empirical components, as well as the methods of grouping, spatial and dynamic comparisons, correlation and regression analysis, etc.

**The results and their novelty** . In the dissertation abstract it is studied the place and role of a mixed economy and public sector in a market-based economy system, are clarified the methodical approaches to assessing the public sector in the sphere of services and is summarized the foreign experience in the development of the public sector in the sphere of services. It was assessed the impact of privatization processes on the development of the public sector in the sphere of services, it was analyzed the current state of the public sector in the sphere of service in Tajikistan, it was evaluated the development of the public sector in the public sector system in the sphere of service and was developed an economic-mathematical model of influence the public sector on the gross domestic product growth. It was clarified the aspect of strengthening of the state role in achieving the socio-economic optimum in the public sector of the sphere of service, were investigated the institutional relations between the public and other sectors of the sphere of service and was improved the mechanism of the development of the public sector based on the cluster approach in the sphere of service in the Republic of Tajikistan.

**Degree of use.** Developed methodologies and recommendations regarding the model for the formation of a regional cluster program and strategies in the sphere of service can be used by the relevant executive authorities in making decisions on the development of the public sector in the sphere of service (in particular by Ministry of Economic Development and Trade of the Republic of Tajikistan). The conclusions and recommendations of the dissertation abstract can be used for further research in the field of the theory and practice of public sector development in the sphere of service. The results obtained in the dissertation research make a significant contribution to the development of the public sector in the sphere of service and the improvement of methods for assessing the development of this sector of the national economy and improving the mechanism for the development of the public sector based on the cluster approach in the sphere of service. Practical recommendations and proposals developed in the dissertation abstract contribute to the development of the public sector and the strengthening of the role of the state in achieving the socio-economic optimum in the public sector of the sphere of services.

**Sphere of use:** the obtained concrete results of the study will effectively solve the problems of the formation and development of the public sector in the sphere of services. The developed models form the regional cluster programs and strategies in the sphere of service based on the definition of two indicators: attractiveness as an assessment of the ability of integrated education in the public sector of the sphere of services, which contributes to the socio-economic development of the region; adaptation as an assessment of specific conditions in the region that contribute to the successful functioning of clusters in the sphere of service of the Republic of Tajikistan. The proposed economic and mathematical model allows ministries and departments to assess the impact of the public sector on GDP growth and to forecast GDP in the country as a whole and by region of the Republic of Tajikistan. The scientific and methodological developments of the author are used in teaching educational courses in Higher Educational Institutions.

Басууга18.12.2018 берилди.
60x84 /16форматы. Офсеттик кагаз.
Тиражы 100 экз. Көлөмү 1,5 б.т. Буйрутма № 289

ТГФЭУ басмаканасында басып чыгарылды,
Душанбе ш., Нахимова көч, 16/3